# «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна

Кыргыз Республикасында шайлоо реформасындагы олуттуу ийгиликтерди өлкө ичиндеги жарандар жана эл аралык коомчулук тарабынан таанылгандыгын жана жогору бааланган дыгын белгилөө менен шайлоо процессинде оболу шайлоо процессиндеги катышуучулардын ортосундагы келип чыгуучу укуктук мамилелердин комплексин жөнгө салуу менен байланышкан белгилүү бир проблемалар жана кемчиликтер бар экендигин белгилеп кетүү керек. Укук колдонуу практикасындагы аныкталган проблемаларды жана шайлоо процессиндеги мамилелердин жетишсиз жөнгө салынышын төмөнкү блокторго топтосо болот:

- *шайлоо комиссияларынын ишинин принциптеринин бири катары калыстык принцибинин мыйзамдык жактан бекитилишинин жоктугу;*
- *шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн укуктарын коргоонун өркүндөтүлбөгөн механизми;*
- *аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын кыска мөөнөтү;*
- *шайлоо участкаларын техникалык жабдууга финансылык каражаттардын жетишсиздиги;*
- *шайлоо участкаларынын инфраструктурасынын заманбап талаптарга жетишсиз ылайыктуулугу (планшеттер, ксерокс, көп функционалдуу түзүлүштөр сыяктуу оргтехниканын жоктугу).*

**Мыйзам долбоорунун концепциясы ачык жана атаандашуучулук шайлоолордун механизмдерин мындан ары өркүндөтүү, шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктук маданият деңгээлин жогорулатуу, шайлоолорду уюштурууну жакшыртуу, шайлоо комиссияларынын ишинин потенциалын жана натыйжалуулугун жогорулатуу, шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө шайлоо комиссиялары менен мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу аркылуу шайлоо жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүүнү карайт.**

**1)Шайлоо комиссияларынын ишинин принциптери адилеттүүлүк принциптери менен толукталат** (3-берене).

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Борбордук шайлоо комиссиясы Жогорку Кеңеш жана Президент тарабынан паритеттик башталышта түзүлөт, бул жобо калыс жана көз карандысыз органды түзүүгө багытталган.

**2) <u>Шайлоо комиссияларынын ишин уюштуруу</u>.**

**- шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу үчүн БШКнын ыйгарым укуктары (7, 23-беренелер) төмөнкүлөр менен толукталат:**

– шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн окутуу, анын ичинде электрондук форматта (электрондук форматта окутуу үчүн электрондук санариптик аянтчаны киргизүү), ШК мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатууну уюштуруу ( ар жылдык сертификаттоо).

– жергиликтүү кеңештин депутатынын бош ордун берүү жана талапкерлердин катталган тизмесинен чыгуу жөнүндө АШК чечимин бекитүү,

– даттануу маселелери боюнча төмөн турган шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттенүү,

– БШКнын расмий сайтында даттануулардын реестрин киргизүү, *бардык арыздар (даттануулар), аларды шайлоо комиссиялары жана соттор тарабынан кароонун натыйжалары жөнүндө маалыматты жайгаштыруу менен киргизүү)*

– калктын шайлоо системасына ишенимине баа берүүнү текшерүүнү уюштуруу.

**3) Шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү** (19-берене).

АШК жана УШКнын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүн 2 жылдан 5 жылга чейин көбөйтүү сунушталат.

**4) Шайлоочулардын укуктук маданиятын жогорулатуу боюнча чаралар** (10-берене).

Мыйзам долбоору менен Жарандык билим берүү борборун түзүү сунушталат, ал шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) укуктук маданиятын жогорулатуу жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу жагында иштерди уюштурууга, координациялоого жана камсыз кылууга көмөк көрсөтүүчү мекеме формасында иштейт. Жарандык билим берүү борборунун ишинин негизги милдети жарандык жоопкерчиликти жана укуктук маданиятты жогорулатууга мүмкүндүк берген жарандардын, мамлекеттик органдардын, коомдук бирикмелердин кызыкчылыктарын эске алган шайлоочуларды сапаттуу укуктук агартуунун жана билим берүүнүн бирдиктүү системасын түзүү болот. Мындан тышкары Жарандык билим берүү борбору шайлоолордун бардык түрлөрүн даярдоодо жана өткөрүүдө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Укуктук маданиятты жогорулатуу жана маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагында иш-чараларды ишке ашыруу шайлоочулардын максаттуу топторунун өзгөчөлүктөрүнө багытталат (аскер кызматчылары, пенсионерлер, аялдар, жаштар, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар ж.б.).

**5) Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ишинин кепилдиктери** ( 22-берене).

КР Эмгек кодексинин ченемдерине ылайык келтирүү, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн эмгектик укуктарынын кепилдиктерин жана жарандардын шайлоо комиссияларынын ишине жигердүү тартылуусун камсыз кылуу максатында шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн шайлоону, референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде негизги иштеген жери боюнча орточо эмгек акысын сактоо жөнүндө ченемди кайтаруу сунушталат.

**6) Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө талаптарды жогорулатуу** (22-берене).

УШК, АШК мүчөлөрүнүн аракеттеринин мыйзамдуулугу жарандардын шайлоонун натыйжаларына ишеним деңгээлине тикелей таасир тийгизет, бул шайлоо комиссияларынын ишинин башкы принциби болуп саналат. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө жогорулатылган талаптар коюлат, алар комиссиянын мүчөлөрүнүн адеп-ахлактык баалуулуктары менен билдирилет. Ушуга байланыштуу шайлоо комиссияларынын мүчөсүнүн статусуна чектөөлөрдү белгилөө сунушталат. <u>Алсак, шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн милдеттеринен терс негиздер боюнча мурда мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдар участкалык, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү боло албайт</u>**.**

**7)** Калктын шайлоо системасына ишеним деңгээлин текшерүүнү уюштуруу (7-берене).

Жарандардын саясий процесстерге мамилесинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири алардын өткөрүлүп жаткан шайлоо процесстерине жана алардын катышуучуларына ишеними болуп саналат, алар кийин шайлоонун натыйжаларына жана шайлануучу органдарга жана адамдарга ишенимин чагылдырат. Ушуга байланыштуу Борбордук шайлоо комиссиясына калктын шайлоо системасына ишеним деңгээлине көз карандысыз баа берүүнү туруктуу уюштуруу укугу берилген, анын натыйжалары ЖМКларда жарыялоо үчүн милдеттүү.